
КОПИЯ ВЕРНА
Ученый секретарь

...улбеко...
...ИКАЛЫК...

# ...ЕСТНИК

...ОМИЧЕ... УНИВЕРСИТЕТА

ISSN 1694 - 5778




2012 - ГОД СЕМЬИ, МИРА, СОГЛАСИЯ И ВЗАИМНОГО ПРОЩЕНИЯ

3 (22) 2012

# МАЗМУНУ

Камчыбеков Т.К. Куттуктоо сөзү.................................................... 9
Турсунбек Акун Кыргыз Республикасында балдардын укугун коргоо.................................... 10

**ҮЙ-БҮЛӨНҮН ПАЙДА БОЛУШУ. ҮЙ БҮЛӨДӨГҮ САЛТТУУЛУК**

Абдрасулов С.А. Кыз ала качуу: миф жана аныктуулук.................................... 13
Абдулкадыров М.М. Үй-бүлөлүк мамилени бекемдөө - Кыргызстан элинин эриш-аркатыгынын жана тил табышуусунун эң башкы жолдорунун бири.................................... 18
Бакчиев Т. Кыргызстанда "Манас" эпосунун негизине мамлекеттик идеологияны калыптандыруу аракети.................................... 21
Бегалиева А.С. Адамдын тагдырындагы "жолдуу фактору" үй-бүлөдөгү маданияттуу тарбиялоонун "инновациалык аң сезимдин" жыйынтыгы катары.................................... 25
Бегельдинова А.Х. Үй-бүлөнүн тарыхы.................................... 28
Бектенова В.Е. Салттуу кийимди жаратуудагы көйгөйлөр.................................... 30
Болпонова А.Б. Акталуунун татаал жолу.................................... 31
Галкина Н.М. Эзелки Грецияндагы окутуу жана тарбия.................................... 34
Жоошбекова А.Р. Кыргызстандын түштүгүндөгү чарба комплексин жана кол өнөрчүлүктү жаңы экономикалык шартка ылайыктап жандандыруу.................................... 37
Кенешбекова Б.Э. "Манас" эпосу боюнча үй-бүлөлүк укук.................................... 40
Соорбеков Н.Э. Кыргыз коомундагы үй-бүлө орду (этнографиялык маалыматтардын негизинде).................................... 43

**УЧУРДАГЫ ҮЙ-БҮЛӨ: АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ**

Аалиева Н.К. Улуттук мамлекеттүүлүктүн калыптануу шартындагы кыргыздардын этникалык маданияты: өнүгүү динамикасы жана маселелери.................................... 48
Адылова Б.К. Адамдын инсандык өнүгүшүнүн башаты – үй-бүлө.................................... 54
Аминова Б.И. Патриоттукка тарбиялоодогу үй -бүлөөнүн ролу. Баланы тарбиялоодогу азыркы үй-бүлө.................................... 55
Ахметова С.Е. Азыркы үй-бүлөдөгү маселелер.................................... 56
Исаев К.И. Жаңы Кыргызстанда адам жана үй-бүлө маселелери.................................... 58
Карабаева К.Н. Жаш үй-бүлөлөрдүн өнүгүү тенденциялары.................................... 63
Карабалаева Г.Т. Үй-бүлө педагогикалык система катары: анын маңызы жана өзгөчөлүгү.................................... 65
Каримова Б.А. Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоодо элдик педагогикага таянуу.................................... 68
Каримова Б.А., Убукеева А.Т. "Өзүңөрдөн баштагыла".................................... 71
Кирбашева З.Э. Эл аралык укук маанилешинен үй-бүлө жана жарандык.................................... 74
Нурманбетова Г.К. Толук эмес үй бүлөдө баланы жеке тарбиялоону калыптандыруунун өзгөчөлүгү.................................... 76
Саралаев Н.К., Саралаев Б.Н. Нравалуулук жана учурдагы адамдык маселелер.................................... 79
Старусева Т.И. Эркин Кыргызстандагы үй -бүлөнүн келечеги.................................... 82
Сулайманова У.С. Үй-бүлөдөгү кайнененин орду, ролу.................................... 84
Сулайманова Р.Т., Байтокова А.С. Жаш муундарды тарбиялоодогу үй-бүлөнүн ролу жана кыргыз элдик педагогикасынын өзгөчөлүктөрү.................................... 86
Токтотемирова Б.Ж. Уюштуруу маданияты жана микро жана макроэкономикалык системадагы экономикалык үлгүлөрдү өнүктүрүү.................................... 87
Халлиулина Н.Т. Кыргыз Республикасында кесилгендердин үй- бүлөсүн колдоочу «Түрмөгө кызмат көрсөтүүчү ассоциациясы».................................... 90

# ЖАШ МУУНДАРДЫ ТАРБИЯЛООДОГУ ҮЙ-БҮЛӨНҮН РОЛУ ЖАНА КЫРГЫЗ ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Сулайманова Р.Т.,*
*Байтокова А.С.,*
*И. Арабаев атындагы КМУ*

Үй-бүлө бул - кичинекей мамлекет. Бүгүнкү күндөгү үй-бүлөлөргө көңүл буруу жана алардын бейпилдиги, аларды камсыздоо, ошондой эле үй-бүлөлөрдө өсүп жаткан балдардын саламаттыгы, аларга билим берүү, тарбиялоо учурдун актуалдуу маселелеринен болуп саналат.

Үй-бүлө тарбиясы эзелтен бери келе жаткан тарыхый мүнөзгө ээ болгон, педагогика илиминин татаал маселелеринин бири катары эсептелип келе жатат. Андыктан үй-бүлө тарбиясынын негизин толук үйрөнбөй туруп, тарбиянын милдеттерин ий=гиликтүү чечүү кыйын. [5; 53 ]

«Адамды тарбиялап чыгаруу - ага билим же адистикти берүүдөн кыйыныраак» ырасында эле, «адам» деген ыйык атка татыктуу кылып адам баласын тарбиялап коомго аралаштыруу биринчи кезекте үй-бүлөнүн милдетине туура келет.

Албетте, баланын өсүшүнө көптөгөн факторлор таасир этери талашсыз. Алардын ичинен үй-бүлөдөгү тарбия факторунун таасири жана ээлеген орду өзгөчө болуп эсептелинет. Баланы үй-бүлөдө тарбиялоодо, эң биринчи ата-эненин, үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн бири-бирине болгон мамилеси, сый-урматы балага чоң таасирин тийгизет.

Учурдагы ааламдашуунун алкагында адамды тарбиялоодо элдик педагогикалык баалуулуктарга таянып тарбиялоого көз каранды десек болот. Андыктан жаш муундарды үй-бүлөдө тарбиялоодо жана аларга туура багыт берүүдө, кыргыз элдик педагогикасынын да ролу абдан чоң деген талашсыз тыянакка келебиз.

Кыргыз эли байыркы кылымдардан бери тарбиялоонун жазылбаган эреже, мыйзамдары менен балдарды ийгиликтүү тарбиялап келишкен.

Бүгүнкү күндө жаш муундарды тарбиялоодо элдик педагогиканын мааниси өтө зор экендигине баа берүү керек экендигине мезгил өзү тастыктап отурат. Учурдагы келечек муундарыбыздын жүрүш- турушу, дүйнөгө болгон көз карашы, адамгерчилик, улууну сыйлоо, улуттук баалуулуктарды аздектөө тууралуу түшүнүктөрү алардын жан дүйнөсүнөн азыраак орун алууда.

Жаш муунду өз элинин тарбия маданиятынан, улуттук баалуулуктарынан, тилинен алыстатып тарбиялоо орду толгус адашууга алып келет.

Ырасында эле, өзүнүн түпкү тамырынан ажырап калган дарак тыштагы бир башка нерсе менен жалгашып, көгөрүп көктөй албайт эмеспи. Өзүнүн өзөктөш кыртышына тамырларын терең сойлотуп, азыкты ошол жактан алып турган дарак гана сырткы дүйнөнүн насиптерин – абаны, күндү жана башка азык заттарын кабыл алып, кулпуруп өсүүгө жөндөмдүү келет. Адам баласы да ушул сыяктуу. Ошондуктан дүйнөлүк өнүгүүнү, туура багытта кабыл алууга аракеттенген, элибизге тиешелүү адеп маданиятын алып жүрө алган адамды тарбиялап чыгаруу бул учурдун талабы.

Кыргыз эли тарбиялоонун максаты жана мазмуну жөнүндөгү кылымдардан берки түзүлгөн түпкүрдүү көз караштарын «адам кылуу» деген жөнөкөй жана улуу түшүнүк менен туюнтат. «Адам бол» деген бийик талапты ар бир ата – эне бала сөзгө түшүнө баштагандан эле кулагына куюп жан дүйнөсүнө сиңире баштайт.[2;50]

Баланы тарбиялоодо ар бир үй-бүлө балдарына «Адам бол» деген бийик талапты коюп, адамдык сапаттар жөнүндө кеңири маалымат берип тарбиялоосу азыркы учур үчүн өтө зарыл көрүнүш.

Үй-бүлөдөгү улуу муундардын таалим –тарбиясы, жаш муундарды жаратылышты урматтоого, ага назик мамиле кылууга жана дене боюн чыңдап, эрте туруп эмгек кылууга, тазалыкка, чыдамкайлыкка үндөйт.

«Күн чыкканча турбаган адам, ырыскыдан куру калат»деп балдарды эрте турууга, жашап жаткан айлана-чөйрөсүн таза кармоого үйрөтүүсү аларды ар тараптан өстүрүүгө өбөлгө болгон.

Баланы жаштайынан эли-жерин, Ата-Мекенин, эмгекти сүйүүгө адептүү, намыстуу болууга ата салтын, эне адебин урматтоого аны ыйык тутууга, сөз кадырын билип, айткан сөзүн абийир тутуп, ага бек турууга тапкычтык менен сөзмөрдүккө тарбиялап келишкен. Улууну урматтап, кичүүнү ызаттоого жана да көптөгөн мыкты элдик тарбия үлгүлөрүнө үйрөтүү улуулардын милдети катары эсептелинген.[4;31-б] Кыргыз элинин жаш муундары тарбия азыгын ала турган булактар абдан жетиштүү десек жаңылышпайбыз. Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды тарбиялоодо чоң- ата менен чоң энении орду өзгөчө орунду ээлеген. Карысы бардын ырысы бар деп кыргыз үй- бүлөсүндө ар дайым карысын урматтап келишкен, үй-бүлөдөгү улуулар баланы тарбиялоодо макал менен ылакаптарды, табышмак менен тамсилдерди, жомоктор менен уламыштарды, балдар ырларын пайдаланышкан. Чоң-энелер айтып берген жомоктордон балдар канчалык гүл азык алышып, ак менен караны, жакшы менен жаманды ажыратып билүүгө багыт алышат.

Кыргыз эли кылымдардан бери тарбиялоонун ыкмаларын оозеки түрдө колдонуп келишкен. Элибиз сөзгө абдан жогору маани берип, сөздүн күчү менен эле баланы тарбиялап коюшкан. Алсак, бирөөгө жамандык кылба; ууру кылба ; ушак сүйлөбө; кыбылага бутуңду сунуп жатпа; улуулардын ал-

дын кесип өтпө; нанды тебелебе, нан ыйык болот; калп айтпа, калптын казаны кайнабайт; аманатка кыянаттык жасаба деген сыяктуу сөздөрдү бала сөзгө түшүнө баштагандан жан дүйнөсүнө сиңире баштаган.

- Жогорудагыдай жазылбаган тарбиянын эреже,мыйзамдары келечек муундарыбыз үчүн табылгыс кенч катары кызмат кылат. Дегеле кыргыз элдик педагогикасындагы тарбиялоонун булактарын ал турган болсок, «Манас» баш болгон канчалаган эпосторубуз, жомоктор, макал-лакаптар, дастандар, элдик ырлар, акын-жазуучуларыбыздын калеминен жаралган сан миңдеген чыгармаларыбыз, окумуштууларыбыз жаратып жаткан канчалаган илимий иштерибиз бар.

«Манас» эпосундагы жети осуяттын берилиши эле урпактарыбыз үчүн эмне деген керемет тарбиянын булагы деген ойго келебиз. Ошол бизге белгилүү жети осуяттын бирине токтолуп кетсек, бир сап сөздө канчалаган ойдун, таалим- тарбиянын негизи камтылган.

«Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо» деген осуяттын маанисинде, ар бир кыргыз атуулун мекени үчүн, жанын аябаган, патриот уулдардан болуусуна багыт берет десек жаңылышпайбыз.

Улуттук баалуулуктарды баалай билген адамкерчилик, адамга дайыма жакшылык кылууну көздөгөн, ыймандуу, жоопкерчиликтүү, келечек муундардын, өлкөнүн тагдыры жөнүндө тогуз толгонуп ойлонгон касиеттерге эгедер адам- жаркын келечекти, бакубат турмушту курат деп терең ишенебиз.

Албетте жогорудагы айтылып келген тарбиялоонун эрежелери биринчи үй-бүлөдө башталып, түптөлүп отуруп чоң ата, чоң энелер, улуу муундар аркылуу бүгүнкү күндөгү биздин жаш муундарыбызга жетип отурат, Учурдагы үй-бүлөлөрдө, илимдүү, билимдүү, алысты көрө билген, адеп-ахлактуу, интелегенттүү, ыймандуу жаштарыбызды тарбиялап өстүрүү- өлкөбүздүн жаркын келечегин курууда, Кыргыз мамлекетинин коопсуздугу үчүн жасала турган иштерде жана бүгүнкү күндөгү үй бүлөлөрдүн турмушунда өзгөчө орунду ээлейт.

***Колдонулган адабияттар:***

1. Апышев Б. Тарбия назарияты Ош –1996.

2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. 1-бөлүк, Б., 1996. 69-б.

3. Байгазиев Байгазиев С.О. "Ар бир кыргыз мектебинин улуттук жүрөгү болууга тийиш" 45-бет

4. Рыспаев С. Кыргыз балдар фольклору жана элдик педагогиканын маселелери //Мектеп-00 №1 31-б;

5. Конгайтиева З.А. Үй-бүлө тарбиянын башаты Б.:2005.

## ОРГАНИЗАЦИОННАЯ КУЛЬТУРА И ЭКОНОМИЧЕСКИЕ МОДЕЛИ РАЗВИТИЯ МИКРО- И МАКРОЭКОНОМИЧЕСКИХ СИСТЕМ

*Токтотемирова Б.Ж.,*
*ИПК и ПК КГУ им. И.Арабаева*

Переход России к рыночной экономике вызывает необходимость переориентации ее на новую философию хозяйствования, базирующуюся на принципах маркетинга, конкуренции и предпринимательства, гибкой и эффективной системы управления. Вместе с тем, успех такого реформирования экономики не возможен без учета культуры ее организации на всех уровнях и во всех ее звеньях хозяйствования, начиная от государства, региона, отрасли, и кончая отдельным структурным образованием (предприятия, фирмы и т.п.) и его структурных подразделений, организационная культура которых представляется как субкультура в общей организационной культуре фирмы.

Для выработки эффективных решений в области международных коммуникаций культурно-экономический аспект приобретает наиважнейшее значение, если не сказать большего, о чем уже отмечалось в предыдущей главе при раскрытии роли и значения культуры организации международных коммуникаций.

Любое экономическое образование как на макро-, так и микро-уровне функционирует по определенной экономической модели. В основе этой модели, наряду с другими определяющими факторами, лежит экономическая культура, базирующаяся на общей культуре региона, страны и т.п. Лишь при условии учета этого важнейшего фактора можно создать эффективную экономическую модель, реализация которой на определенном уровне даст возможность достичь наивысших экономических результатов, и наооборот, неприемлемая экономическая модель с позиции организационной культуры не только не будет способствовать прогрессивному развитию экономической системы, но даже будет оказывать негативное воздействие, приводящее к ее разрушению. Не случайно ряд экономических моделей, заимствованных российским Правительством поочередно в США, Швеции, а в последнее время - Китае, хорошо зарекомендовавшие себя в соответствующих странах, не нашли и не находят эффективного применения в отечественных производственно-хозяйственных системах, т.к. они (модели) не учитывают специфических особенностей существующей культуры.